УДК 342.571:352/354(575.2)
DOI 10.35254/bsu/2025.71.02

***Алимбеков К. А.,***
*К.Карасаев атындагы БМУ,*
*э.и.к., доцент,*

***Ибраева В. Ш.,***
*К.Карасаев атындагы БМУ,*
*э.и.к., доценттин м.а.,*

***Акылбекова Э. К.,***
*К.Карасаев атындагы БМУ,*
*изденүүчү*

# МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК ДЕҢГЭЭЛДЕ БАШКАРУУ ЧЕЧИМДЕРИН ИШТЕП ЧЫГУУДА ЖАНА КАБЫЛ АЛУУДА КЫРГЫЗ ЖАРАНЫНЫН РОЛУ: УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Кыскача мазмуну**

Изилдөө Кыргызстандык жарандардын мамлекеттик жана муниципалдык деңгээлдеги башкаруу процесстерине катышуусун изилдейт. Административдик чечимдердин түшүнүгү демократиялык принциптер аркылуу ачылат. Эл аралык жана республикалык ченемдик-укуктук актылардын деталдуу талдоо калкты бийлик директиваларын түзүүгө жана ишке ашырууга аралаштыруунун негизги механизмдерин аныктайт. Алынган маалыматтар граждандык активдүүлүк мекемелердин иш аракетинен натыйжалуулугун жана коомдун социалдык-экономикалык абалын трансформациялап жатканын көрсөтөт. Инновациялык цифралык платформалар коомдук көзөмөлдүн потенциалын чоң көлөмдө кеңейтет. Кабыл алынуучу чечимдердин сапаты менен граждандык сектордун өкүлдөрүнүн катышуу деңгээлинин ортосунда маанилүү корреляция байкалат. Гражандардын катышуу механизмдерин өнүктүрүүнүн маанилүүлүгү Кыргызстандагы демократиялык институттарды бекемдөөгө жана мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталганы белгиленет. Изилдөө партисипативдүү демократияны өнүктүрүүгө салым кошот.

**Түйүндүү сөздөр:** санариптештирүү, жарандык коом, коомдук башкаруу, социалдык катышуу, демократиялык процесстер, ченемдик жөнгө салуу, чогуу чечим кабыл алуу, инновациялык технологиялар, партисипативдүү механизмдер, башкаруунун ачыктыгы

***Алимбеков К. А.,***
*БГУ имени К. Карасаева,*
*к.э.н., доцент*

***Ибраева В. Ш.,***
*БГУ имени К. Карасаева,*
*к.э.н., и.о.доцента*

***Акылбекова Е. К.,***
*БГУ имени К. Карасаева,*
*соискатель*

# РОЛЬ ГРАЖДАНИНА КЫРГЫЗСТАНА В РАЗРАБОТКЕ И ПРИНЯТИИ АДМИНИСТРАТИВНЫХ РЕШЕНИЙ НА ГОСУДАРСТВЕННОМ И МУНИЦИПАЛЬНОМ УРОВНЕ: ПРАВА И ОБЯЗАННОСТИ

**Аннотация**

Исследование фокусируется на участии кыргызстанцев в управленческих процессах государственного и муниципального уровня. Раскрывается концепция административных решений через призму демократических принципов. Детальный анализ международных и республиканских нормативных актов определяет ключевые механизмы вовлечения населения в формирование и реализацию властных директив. Полученные данные демонстрируют, что гражданская активность трансформирует эффективность функционирования учреждений и социально-экономическую ситуацию в обществе. Инновационные цифровые платформы существенно расширяют потенциал для общественного контроля. Установлена значимая корреляция между качеством принимаемых решений и уровнем вовлеченности представителей гражданского сектора. Подчеркивается важность дальнейшего развития механизмов гражданского участия для укрепления демократических институтов и повышения эффективности государственного управления в Кыргызстане. Исследование вносит вклад в развитие партисипативной демократии.

**Ключевые слова:** цифровизация, гражданское общество, публичное управление, социальная вовлеченность, демократические процессы, нормативное регулирование, коллективное принятие решений, инновационные технологии, партисипативные механизмы, прозрачность управления

***Alimbekov K. A.,***
*BSU named after K. Karasaev,*
*Ph.D., Associate Professor*

***Ibraeva V. Sh.,***
*BSU named after K. Karasaev,*
*Ph.D., acting associate professor*

***Akylbekova E. K.,***
*BSU named after K. Karasaev,*
*postgraduate degree seeker*

# THE ROLE OF THE CITIZEN OF KYRGYZSTAN IN THE DEVELOPMENT AND MAKING OF ADMINISTRATIVE DECISIONS AT THE STATE AND MUNICIPAL LEVEL: RIGHTS AND RESPONSIBILITIES

**Abstract**

This study explores the participation of Kyrgyz citizens in state and municipal governance by analyzing administrative decisions based on democratic principles. By examining international and republican regulatory acts, this analysis identifies the mechanisms of public involvement in policy implementation. The findings revealed that civic engagement enhances institutional efficiency and socioeconomic conditions. Innovative digital platforms broaden the opportunities for public oversight. A strong correlation was observed between decision-making quality and civil sector engagement. Underscored the high importance of developing participatory mechanisms to strengthen democratic institutions and improve governance effectiveness in Kyrgyzstan. This research contributes to the advancement of participatory democracy paradigms.

**Keywords:** digitalization, civil society, public administration, social engagement, democratic processes, regulatory framework, collective decision-making, innovative technologies, participatory mechanisms, governance transparency

Ар бир жарандын мамлекеттик жана муниципалдык деңгээлде башкаруу чечимдерин иштеп чыгууда жана кабыл алууда, аны ишке ашырууда активдүү катышы – чечимдин натыйжалуулугунун жогорулашына, калктын социалдык-экономикалык абалынын жакшырышына жана өлкөнүн өнүгүшүнө түздөн түз таасир береери белгилүү. Ошондуктан демократиялык өнүккөн мамлекеттерде жарандар мамлекеттик жана муниципалдык деңгээлде кандайдыр бир көйгөйлүү маселелер пайда болсо, аны чечүү процессинде өз ойлорун билдирүү жана ошондой эле орчундуу маселелерди чечүүдө негизги мыйзамда каралган укуктарын пайдалануу менен, керек учурда маселени көтөрүп жаткан органдардан жалпы элдин кызыкчылыгына багытталган чечимдерди иштеп чыгууну жана кабыл алууну талап кыла алышат. Ал чечимдер өз учурунда өлкөнүн өнүгүшүнө өбөлгө болорун өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасы жана акыркы жылдардагы биздин республикадагы алгылыктуу өзгөрүүлөр тастыктап турат.

Алгач чечим түшүнүгүнө кайрылсак, анда “чечим - кандайдыр бир көйгөйдү чечүү боюнча иш-аракеттердин жыйындысы” катары карасак болот [1, 19б.]. Теорияда чечим кабыл алуунун эки аныктамасы бар. Биринчиси, чечим - максатка багытталган альтернативаларды тандоо катары гана каралса, экинчиси - чечимди даярдоону: көйгөйдү аныктоо жана так тариздөө, анын учурдагы абалына талдоо жүргүзүү жана баалоо, аны чечүү боюнча максаттарды жана маселелерди аныктоо жана аны ишке ашыруу боюнча пландаштырууну камтыйт.

Ал эми башкаруу чечими - жамааттык чыгармачылыктын натыйжасы катары ар дайым социалдык, коомдук мүнөзгө ээ. Жетекчи жалгыз өзү башкаруу чечимдерин иштеп чыкса да, жамааттык интеллект бул процесске кыйыр түрдө таасир берип турат.

Эгерде жеке жаран күнүмдүк өз турмушунда кабыл алган чечимдердин жыйынтыгы анын жеке турмушуна гана тиешелүү болсо, башкару чечимдердин ишке ашышы – ишкананын натыйжалуулугуна, анда иштеп жаткан жалпы жамаатын социалдык-экономикалык абалына түздөн түз таасирин тийгизет. Ошондуктан башкаруу чечимдерин иштеп чыгуу, ишке ашыруу - жоопкерчиликтин деңгээлин кескин жогорулатат.

Анын негизинде мамлекеттик, муниципалдык башкаруу органдарда жана башка чарба жүргүзүүчү субъектилерде башкаруу чечимин иштеп чыгуу жана кабыл алууга жана ишке ашырууга коюлган талаптар күчөтүлгөн. Алар төмөнкүлөрдү камтыйт: чечимдин илимий

жактан негизделиши, субъектин компетенттүүлүгү; өз учурунда алынган толук жана сапаттуу маалымат; көйгөйдү дыкат талдоо жана баалоо; альтернативаларды иштеп чыгуу; ырааттуулук; тактык жана айкындуулук; үнөмдүү жана натыйжалуу; татаал мүнөздүү; бийликке ээ болуу; көзөмөлгө алуу ж.б.у.с.

Жарандардын башкаруу чечимдерди кабыл алууга катышуу укугунун негизги кепилдиктери эл аралык [2] жана республикалык [3] укуктук-ченемдик булактарда жарыяланган. Анын негизинде: “ар бир адам өз өлкөсүн башкарууга түздөн-түз же эркин шайланган өкүлдөрү аркылуу катышууга укуктуу” [4].

Демократиялык талаптарга ылайык жарандардын чечим кабыл алуу укугу эл аралык келишимдерден келип чыккан адам укуктары жана чектөөлөр менен айкалыштырылышы талап кылынат.

Анын негизинде ченемдик укуктук актылар ар бир жаранга, жарандардын тобуна, анын ичинде жарандык коомдук уюмдарга жана алардын өкүлдөрүнө эч кандай тосколдуксуз чечимдерди кабыл алууга катышуу укугуна кепилдик берет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренсинин 4-пунктуна ылайык “Кыргыз Республикасынын эли эгемендиктин ээси жана мамлекеттик бийликтин жападан жалгыз булагы болуп саналат” [3], 2-берененин 3-пунктуна ылайык “Кыргыз Республикасынын жарандары өзүнүн бийлигин түздөн-түз шайлоолордо жана референдумдарда (бүткүл элдик добуш берүү), ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу Конституциянын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде жүзөгө ашырат” [3].

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 37-беренесинде жарандардын мамлекеттин иштерин башкарууга катышуудагы негизги укуктары жазылган:

- Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга, ошондой эле референдумга катышууга укуктуу.
- Кыргыз Республикасынын жарандары мыйзамдарды, республикалык жана жергиликтүү маанидеги чечимдерди талкуулоого жана кабыл алууга катышууга укуктуу.
- Мыйзамда белгиленген мөөнөттө негиздүү жооп берүүгө милдеттүү болгон мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына ар бир адам кайрылууга укуктуу.
- Жарандар республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүүгө катышууга, ошондой эле бюджеттен иш жүзүндө чыгышталып жаткан каражаттар жөнүндө маалымат алууга укуктуу.

Жарандардын мамлекеттик жана муниципалдык деңгээлдеги башкаруу чечимдерин иштеп чыгууда, кабыл алууда жана аны иш жүзүнө ашырууда Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын [5] негизинде ар бир жаран төмөнкү ыкмалар менен катыша алат:

- керектүү маалыматтарды мамлекеттик жана муниципалдык органдардан суроо-талап кылуу;
- тийиштүү органдарга сунуштарды берүү;
- жеке кабыл алууда болуу;
- коомдук талкуулоолорго жана коомдук угууларга катышуу.

Учурда социалдык түйүндөр аркылуу да жарандар активдүүлүгүн көргөзүшүп, коомдук жана мамлекеттик деңгээлдеги көйгөйлөргө өз ой пикирлерин билдирүү аркылуу мамлекеттик жана муниципалдык чечимдердин кабыл алышына таасирин тийгизишүүдө. Мисалы, жакында эле Бишкек мэриясы тарабынан шаардагы жол тыгындарын кыскартуу көйгөйү боюнча

сунушталып, талкууга коюлган “Шаарда катталган автомашиналарды жума аралыгында мамлекеттик номеринин цифраларына карата жүрүүгө уруксат берүү жана калаага башка аймактардан кирген автоунаалар үчүн төлөмдөрдү киргизүү” [6] долбooруна каршы пикирлерди билдирүү менен ал муниципалдык жана мамлекеттик деңгээлдеги чечим кабыл алынган жок.

Ошондой эле АКИпресс, 24 kg ж.б.у.с. маалымат каражаттарында жүргүзүлгөн сурамжылоолор да муниципалдык жана мамлекеттик деңгээлдеги чечим кабыл алууга таасирин тийгизишүүдө. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги тамекиге төмөнкү бааны коюу боюнча сунушуна сурамжылоону белгилесек болот [7].

Ошентип, учурда Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик жана муниципалдык деңгээлдеги чечимдерди иштеп чыгууда жана кабыл алууда, аны ишке ашырууда таасир берүүчү жогоруда белгиленген ыкмалар менен бирге жаңы пайда болгон каражаттардын көбөйүшү менен активдүү катышышып, башкаруу чечимдеринин республиканын, жалпы элдин кызыкчылыгына багытталышына өз салымдарын кошушууда.

**Адабияттар**

1. Фатхудинов, Р.А. Управленческие решения. Учебник для вузов. /Р.А. Фатхутдинов. Москва : Инфра-М. – 2005. – 344 с.
2. Адам укуктарынын Бүткүл дүйнөлүк декларациясы (21-берене). БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 1948-жылдын 10-декабрында кабыл алынган. [Электрондук ресурс]. Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/17534/edition/297586/kg . (Кирүү датасы: 01.10.24.)
3. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Бишкек-5 май 2021 жыл. [Электрондук ресурс]. Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/1-2/edition/1202952/kg (Кирүү датасы: 03.10.24).
4. Чечимдерди кабыл алууга катышуу укугу. [Электрондук ресурс]. Кирүү режими: https://civicspacemonitor.kg/kg/monitoring/bayandama-4/ (Кирүү датасы: 08.10.24).
5. Кыргыз Республикасынын “Маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиги жөнүндө” мыйзамы (КР 2002-жылдын 18-октябрындагы № 147, 2006-жылдын 28-декабрындагы № 214, 2016-жылдын 29-декабрындагы № 224,2017-жылдын 18-мартындагы № 47 Мыйзамдарынын редакциялары). [Электрондук ресурс]. Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/589/edition/1132695/kg ( Кирүү датасы: 04.10.24).
6. АКИпресс [Электрондук ресурс]. Кирүү режими: https://m.akipress.org (Кирүү датасы: 10.10.24).
7. 24 kg [Электрондук ресурс]. Кирүү режими: https://24.kg/ (Кирүү датасы: 11.10.24).